КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
САДЫР АКЕ

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын VII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын июнь айынын 25и №83** **Темир айылы**

**Жер тилкесин берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177-токтомунун 16-пунктуна ылайык жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин “Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча” туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 2-июнундагы №7-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагынын Темир айылынын жашоочусу Акылбеков Нуртилек Акылбековичке Садыр Аке айыл аймагынын Темировка айылынын №484 контурундагы Көк-Ой конушунан S=0,10га жер тилкеси жеке менчик үй салууга бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.А. Молдакматовго милдеттендирилсин.
3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу “Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1, айыл өкмөткө-1.*